**Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы" деген темадагы 10.01.10 – "Журналистика" адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттин**

# ПИКИРИ

Диссертациялык иш жалпыга маалымдоо каражаттарынын ичинен маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы азыркы учурда актуалдуу көйгөйлөрдүн бири. Анткени, замандын талабына жараша медиа тармагы күндөн-күнгө өсүү жолунда. Ошондой эле маалымат берүүчү программалар дагы жаңылануу процессинде иш алып барып жатышат. Бул боюнча филология илиминде бир катар илимий изилдөөлөр бар, бирок кандидаттык диссертация жазылган эмес. Кыргыз журналистикасында изилдөөчүлөр теле көрсөтүүсүнүн, тарыхынын жана өзгөчөлүгүн кенири анализдеген. Бирок, телеберүүдө маалыматты берүү ыкмалары жана өлкөнүн коомдук телеканалынын ишмердүүлүгүнө арналган изилдөөлөр жок. Кыргызстандагы маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы талдалып, коомдук каналдын ишмердүүлүгү жана эл аралык тажрыйбалары менен биргеликте изилденгендиги жана ар тараптан кеңири талданганды **диссертациялык иштин актуалдуулугун** ырастайт.

Диссертация кирүүдөн, үч баптан, жети параграфтан, корутунду, пайдаланган адабияттардан жана тиркемелердин тизмесинен туруп, иштеги жалпы жыйынтыктар менен сунуштарды системалуу кароого жана түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Иштин көлөмү 179 бет.

**Кирүүшүдө** ишке жалпы мүнөздөмө берилип, теманын актуалдулугу, изилдөөнүн максаты, милдеттери, жаңычылдыгы, методологиясы, теориялык жана практикалык мааниси, илимий иштин темасынын негизги илимий иштер менен байланышы, коргоого коюлган негизги жоболор жана диссертациялык иштин апробацияланышы берилген. Ошондой эле, киришүүдө маалыматтык программаларды изилдөөнүн зарылчылыгынын

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 179/06
«26» 02 2022 г.

себептери, башкача айтканда, актуалдуулугу толук жана ишенимдүү далилденген.

Биринчи бап **"Кыргыз телекорсотүүсүнүн программалары (тарыхый-типологиялык контекст)"** деп аталып 2 параграфтан турат. Биринчи параграфта телекөрсөтүүнүн теориясын жана изилдөөнүн методологиясы каралган. Жалпысынан караганда бул параграфта маалымматтар жалпыланып изилденген жана конреттүү теориялар жана изилдөөлор каралган. Ошондой эле, бул илимий ишке тиешеси жок маалыматтар камтылган. Мисалы: биздин заманга чейинки VI кылымдагы Персиянын маалымат берүү ыкмалыры жана гректердин, римдиктердин жарык менен маалымат берүүсү караган. Андан кийин изилдөө Кыргызстан тууралуу жазылган, бирок ошол эле учурада берилген изилдөөлөрдүн ортосунда байланыш так далилденген эмес. Бул параграфта орус жана кыргыз изилдөөчүлөрүнүн илимий эмгектери темага ылайык талданган. Телекөрсөтүүнүн теориясына тиешелүү илимий иштерге кеңири орун берилип, ал аспект теориялык жана тексттик булактар менен бекемделет. Экинчи параграфта КТРКнын маалыматтык программалаынын типологиялык жана структуралык өзгөрүүлөрү 1991-2010 жылдын аралыгында каралган. Бул параграфта Кыргызстандагы телеберүүнүн пайда болуу тарыхына, ошондой эле КТРКнын структуралык өзгөрүүлөрүнө жана ЖМКга тиешелүү мыйзамдар изилденген. Изилдөө жүргүзүдөө изилдөө анын илимий булактары берилген. Бирок, ошол эле учурда так маалымат булактары көргөзүлгөн эмес. Бул бапта кыргыз телекөрсөтүүсүнүн программаларынын т арыхый типологиялык багыты боюнча тыянак чыгарылган.

**Коомдук телекөрсөтүнүн маалыматтык программаларынын өнүгүү этаптары** деген экинчи бапта, коомдук телекөрсөтүүнүн эл аралык стандарттары, коомдук каналдын түптөлүшү жана маалыматтык берүү тажрыйбалары ошондой эле санариптик технологиялар шартындагы маалыматтык берүүлөрдүн ыкмалары каралган. Бул бөлүмдө коомдук

телеканалдардын мамлекеттеги орду жана ролу баяндалып, эл аралык уюмдардын "коомдук телеканал" тууралуу аныктамалары берилген. Бирок, ошол эле учурда аныктамалар орус тилинен которулган эмес. Мынай жагдай биринчи бапта дагы байкалат. Мисалга алсак илимий иштин 52 жана 54-беттеринде аныктамалар орус тилинде кеткен. Ошол эле учурда Кыргызстандагы коомдук каналдардын функциясын, байкоочу кенештин ролун кенен изилдөөгө алган. Келтирилген маалыматтар так аныктапып далилдери менен берилип КТРК өсүү процессин жогорку деңгэлде көргөзө алган. Андан тышкары КТРКнын курамында болгон ар бир телеканалга ммалымат берилип өзгөчөлүгүн баса белгилеген.

Үчүнчү бап **"КТРКнын маалыматтык программалары: мазмундук өзгөчөлүктөрү жана жанрлары"** деп аталып эки параграфтан жана тыянактан турат. Бул бапта КТРКнын маалыматтык программаларынын мазмундук өзгөчөлүкөрүн салыштырып талдоого алган. Ошондой эле КТРКнын курамындагы "Ала-Тоо 24" телеканалынын маалыматтык жанрдын мазмунун жана тематикасын изилдеген. Маалымат берүү програмаларынын пайыздык катышы кеңири берилип, диаграммалар менен толукталган. Берүүлөрдү талдоо толук кандуу жүргүзүлбөгөндөй, анткени КТРК жана НТС телеканалдарын салыштырып талдоодо журналисттердин же даярдаган журналисттер туралуу маалыматтар жокко эсе. Кээ бир материалдардын кайсы күнү жана кайсы убакытта чыканы жөнүндө маалыматтар берилген эмес. Ошол эле учурда изилдөөдө көз карандысыз уюмдардын жүргүзгөн илиздөөлөрүнө орун берилгени кубаттоого арзыйт. Анткени КТРК малекеттеги эң чон телеканалдардын бири болгондуктан аудиториясы дагы көп жана лидердик позицияны ээлейт. Ошондуктан аудиториясын жана мазмунун изилдөө убакытты жана каражатты талап кылат. Ошого карабастан изилдөөчү, эл аралык уюмдар коомдук канал анын ичинен КТРКга байланыштуу изилдөөлөрүн дагы анализдеп илимий ишке кошкон. Ошондой эле, КТРКнын маалыматтык программалары мазмундук өзгөчөлүктөрүнө жана жанрларына терең изилдөө жүргүзүлгөн.

Жалпысынан алганда Ч.А. Капарова филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы" аталган диссертациялык ишинин аягында изденүүчүү тарабынан төмөнкүдөй илимий маалыматтарга **негизделген ишенимдүү сунуштар чыгарылган**:

1. Коомдук телекөрсөтүү укуктук-демократиялык мамлекеттин негизги курамы. Ошондуктан "коомдук" макам алган Кыргыз телерадиоберүүлөр корпорациясы укуктарын пайдаланышы керек. Өзгөчө маалыматтык берүүлөрү саясат менен тыгыз байланышта болгондуктан, маалыматтарда бейтараптуулуктун сакталышын кеземелдөө маанилүү;

2. Байкоочу кенеш багыт жана сунуш берүүчү милдетти гана аткарат. Коомдук телекөрсөтүү коомчулукту объективдүү маалыматтар менен камсыздоого ыңгайлашкан ММК. Бул шартты кармануунун зарылчылыгы турат жана ал Байкоочу кенештин көзөмөлүндө алынышы керек;

3. Редакциялык саясат журналисттердин эркин иштөөсүнө жол ачып берүү үчүн иштелип чыккан, бирок айрым пункттары одоно бузулуп жаткандыктан, толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө муктаж;

4. Маалыматтык программаларда өлкөнүн социалдык-экономикалык жана маданий жашоосу системалуу жана максаттуу түрдө чагылдырылып, аудиториянын пикирине конул буруу менен жарандардын саясий жана экономикалык активдүүлүгүн өнүктүрүүгө салым кошуусу керек;

5. Маалыматтык программалардын редакциялары жана журналисттер маалымат айдынындагы ой-пикирлерди ишенимдуу денгээлде, тематикалык жана жанрдык ар түрдүүлүктө жеткириш керек.

6. Резервдик программалардын жоктугунан кайталан көрсөтүүлөр басымдуу бөлүгүн түзөт. Маселени ИШТИ туура программанын пландаштыруу жолу жана мыкты кадрларды ишке тартуу, аларды татыктуу айлык-маяна, сый акылар ж.б. колдоолор менен камсыздоо аркылуу чечсе болот. Мында канал жетекчисинин кесипкөйлүк денгээли аныкталат.

7. Ишмердүүлүгүн аныктап, көз карандысыз баа берип туруу үчүн рейтинг аныктоочу коомдук социологиялык борборлор, көз карандысыз уюмдар менен кызматташтыгын күчтөндүрүү маанилүү.

Диссертацияда сунушталган сунуштар коомдук каналдардын өнүгүшүнө жана өсүүшүнө өбөлгө түзөт. Жетиштүү факт-материалдарды ушул багыттагы илимий-теориялык эмгектерге таянуу менен такталган ынанымдуу жыйынтыктарды чыгарып, конреттүү өз алдынча илимий жоболорду сунуштай алган. Алынган илимий жыйынтыктар мындан аркы илимий изилдөөлөргө теориялык таяныч болуп берери анык.

Диссертациялык изилдөөдө иштин жалпы сапатына анча таасирин тийгизге албаган айрым кемчиликтер байкалат. Алар:

1. Киришүүдө маалыматтык программаларды изилдөөнүн зарылчылыгын себептери, башкача айтканда актуалдуулугу толук жана ишенимдүү далилденген эмес.
2. Эл аралык уюмдардын “коомдук телеканал” тууралуу аныктамалары берилген. Бирок, ошол эле учурда аныктамалар орус тилинен которулган эмес.

Ырас, жогоруда кемчилик катары саналган айрым ойлор иштин илимий мазмунуна тикелей терс таасирин тийгизбегендиктен диссертация кыргыз журналистикасындагы учур талабына ылайык бүткөрүлгөн олуттуу эмгек.

**Капарова Чынара Абдылдаевнанын «Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык программалардын өнүгүү тенденциясы жана азыркы абалы”** деген темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын

Жогорку аттестациялык коммисиясынын **“Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосуна ылайык иштелип чыккан эмгек** болуп саналат жана изилдөөнүн автору 10.01.10 – “Журналистика” адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштулук даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонет,**
**филология илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **Асанова А.А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛУМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«25» февраля 2022 ж.